# Китеп



Автор: Бакытжан Мырзатаева

Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

# Китеп

Автор: Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Китеп" (кыргыз тилинде), автор Бакытжан Мырзатаева, сүрөтчү Адель Дуйшеева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Ур-ра-а! Оффлайн окуу!..

Марселди бул жаңылык абдан кубантты. Ошол замат оюна бир нерсе түшкөндөй бөлмөсүнө жүгүрүп кетти. Кайра бат эле чыгып:


– Карагылачы, кандай сонун сумка, жаңы бойдон, эми ушуну көтөрүп барам!

Марселдин сүйүнүчү бул менен бүткөн жок. Шкафтан былтыр алып берген костюмун кийип көрдү. Бирок бир жыл ичинде бою өсө түшкөнгө шымы кыска келип калыптыр.

– Эч нерсе эмес, кичине эле кыска экен, кие берем, – деди ал апасына карап.

– Садагам, жаңы шым сатып берем, кабатырланба. Андан көрө окуу куралдарыңды толуктайлы. Эмне керек болсо эстетип кой, ээ! – деди апасы.





Мектепти сагынды. Телефондон сүйлөшүп, видеодон көрүшкөнү менен, досторуна көзмө-көз жолуга элек. Кээде чогулуп топ ойногон күндөрүн эстегенде, “пандемия” деген сөздү жек көрүп, кайдан-жайдан пайда болду деп ызаланып да кетет. Эми баары сентябрда жолугушат. Классташтарын көз алдына келтирип эстеп жатты. Мектепке барабыз деп кубанып жатышкандыр.

– Апа, биздин класста китеп текче бар. Ошол текчедеги китептерди жыл сайын толуктап турабыз.  Бул жолу мен  жакшы китеп ала барайынбы? – деп Марсель өзү тапкан оюна сүйүнүп кетти.

– О-о-й, азаматсың, досторуңа эң сонун белек болот, – деди апасы.



Эртеси китеп сатып алышты. Күттүргөн күн да келди. Таң эрте туруп жуунуп, чайын ичип, кийинип, атасы менен мектепке барды. Мына мектеп, мына достору. Классташтарынын баары келишиптир. Тээ алыстан эле бири-бирин көрүп чуркап келип учурашып жатышты. Адилет сабы узун, башы барпайган гүлдөрдү көтөрүп алыптыр. Назик да кыпкызыл роза гүлүн кармап турат.

– Марсе-ель! Биз мындабыз!

Колун көтөрүп алдынан Бекзат чыкты. Аңгыча коңгуроо кагылып, класстарына кире башташты. Балдар гүлдөрүн эжейине тапшырышты.

– Эже, бул китепти баарыбыз чогуу окуйлу деп алып келдим, – деди Марсель китепти эжекесине сунуп жатып.

– Бул эң сонун китеп. Менин  жакшы көргөн чыгармам. Чыңгыз Айтматов “Ак кеме”. Чоң ыракмат! Биздин китеп текчебиз дагы бир кызыктуу китеп менен толукталды. Балдар, билесиңерби, бул чыгарма боюнча кинотасма бар. Көргөндөр барбы?

– Мен көргөм! Мен да көргөм, – деп бир топ бала ордуларынан тура калышты.

– Биз да көрсөк болобу? – Айдай эжейине кайрылды.

– Ооба, жакын арада уюштуруп берем. Сөзсүз көрөбүз. Ал эми китепти кезек менен алып окуп аласыңар. Окуп бүткөндөн кийин чыгарма боюнча сынак уюштуралы. Кандай дейсиңер, балдар? – деп эжеси балдарга кайрылды.

– Туура! Эң сонун!

– Ушул китеп боюнча сүрөт тарталыбы?

– Ооба, дил баян да жазсак болот. Эң жакшы жазылган иштерге байге уюштуралы. Ал үчүн алгач китепти окуп чыгуу керек. Кинотасманы да көрөбүз, – деп эжеси балдардын кызыгып жаткандарына ыраазы боло.

– Анда, мен биринчи окуйм!

– Жок,  мен биринчи алсам болобу? Китепти тез окуйм го.

Балдар ар кандай сунуштарды айтып жатышты.

Жыйынтыгында, журнал уюштурушуп, кезек менен ар бир окуучу китепти алып окумак болду. Андан соң китептин мазмуну боюнча сүрөт тартышат. Дил баян боюнча конкурсту да унутушкан жок. Бул иш-чарага ата-энелерди да чакырмай болушту.


Ошентип биздин класстагы китеп текчебиз чакан китепканага айланды.





Китепке болгон кызыгуусун күчөткөн бул чыгармалар балдардын баарын толкундантты. Марсель болсо чоңойгондо Айтматовдой чоң жазуучу болом деп кыялданып отурду. Көз алдына апасы айтып берген "Бугу эне" жомогу тартыла түштү. Айры мүйүзүнө арча бешик илип келе жаткан Бугу энени элестетти. Мына, баскан сайын бешиктин коңгуроосу шыңгырайт. Аңгыча мектептин коңгуроосу кагылды.

Марселдин кулагына Бугу эненин мүйүзүндөгү бешиктин коңгуроосу улам жакындап келе жаткандай туюлду...



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

USAIDдин "Окуу керемет!"
долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли